**Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кеңешинин кезектеги жыйынынын № 3 протоколу**

**2025-ж. 29.12.** **Ош шаары**

Төрайым – М.М. Былыкова
Катчысы – М.Т. Нурмаматова
Катышкандар – ОСМКБнын адистери жана ОМК мүчөлөрү (катышуу барагы тиркелет)

**Күн тартибинде каралган маселелер:**

1. ОМК төрага/төрайымдардын ишмердүүлүктөрү боюнча жарым жылдык отчету (жазуу жүзүндө) (ОМК төрага/төрайымдары, 3-5-мүнөттөн)
2. ПО курамдын окуу жай тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга канааттануусу боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары тууралуу (Камалова А.Р., 10 мүнөт)
3. Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча семинарлардын жыйынтыгы тууралуу (Нурмаматова М.Т., 10 мүнөт)
4. Окуу жана окуу-усулдук басылмаларды ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштоо (Розыкова М.М.,10 мүнөт)
5. Ар түрдүү маселелер

**Угулду**: М.М. Былыкова – Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Келе жаткан Жаңы жылыңыздар менен! Бүгүнкү чогулушта карала турган маселелер менен таанышсыздар. Эмесе регламентти тактап алалы, 1-маселе боюнча ар бириңиздер чыгып сүйлөгөнүңүздөргө 2-3 мүнөттөн берсек болобу. Макул, анда катарынан баштай бериңиздер, Маматкадыр Осмонович, сизге сөз берели.

**Ярматов М.О.** - 2025-2026- окуу жылынын 1-жарымында ТТДТТАТ институтунун усулдук кеңеши тарабынан төмөндөгүдөй иш-чаралар аткарылды. Жаңы окуу жылына карата окутуучулар тарабынан ар бир предмет боюнча силлабустарды, тесттик суроолорду түзүшүп, My Edu программасына жүктөштү. Бөлүнгөн предметтер боюнча силлабустардын даярдыгы текшерилип, ОМК мазмунун мамлекеттик стандарттын талаптарына дал келиши каралып чыкты. Мамлекеттик педагогикалык практиканы уюштуруп, аны ийгиликтүү аяктап, конференция өткөрүп, отчеттор жасалды. 1-курска келген студенттерден анкета алынып, анализденди, мониторинг жүргүзүлүп, жетекечиликке отчет берилди. Ошондой эле институттун Окумуштуулар кеңешинде да талкууланды. Жумушчу окуу планындагы дисциплиналардын ОМКсынын, силлабустардын сапатына мониторинг жүргүзүлдү. Методикалык сунуштар берилди. Бөлүнгөн предметтер боюнча силлабустардын даярдыгы текшерилип, ОМК мазмунун мамлекеттик стандарттын талаптарына дал келиши каралып чыкты. Андан сырткары, сапат департаменти тарабынан тартылган сабактардын видео көзөмөлү талкууланды. Айрым окутуучуларга эскертүүлөр берилди. Аккредитация боюнча быйылкы окуу жылында өтө турган кафедралар тынымсыз семинарларга катышып жатышат. Дистанттык окуу бөлүмүнүн студенттери менен үзгүлтүксүз иш алып барылды. Бардык студенттер келип, идентификациядан өтүшүп, mooc программасы менен иш алып барышты. Экзамендин суроолору testupp программасы аркылуу киргизилди жана кабыл алынды. Ошондой эле окутуучулар менен биргеликте МООС программасы боюнча семинарлар өткөрүлдү. Модулдар жана экзамендер МООС программасы аркылуу ишке ашып жатты. Жаш окутуучулардын сабактарына үзгүлтүксүз катышып, "Насаатчылык" жобосунун негизинде иштер алып барылды. Ар бир кафедранын усулдук кеңешинин төрайымдары тарабынан өз ара сабактарга катышуунун графиктери, толтурулган бланкалар, ачык сабактын иштелемелери түзүлүп текшерилди. Айтылган кемчилдиктер кафедранын токтомдорунда чагылдырылды.

Окуу жылында аткарылган жумуштар талдоого алынып, баа берилип жана жаңы максат милдеттер аныкталды. Январь айында өткөрүлүүчү семинарларга катышуу боюнча окутуучуларга эскертүүлөр берилди. Ж.б.у.с. иштер аткарылып жатат.

**Раимбердиева Ж.К**. - Жылдык иш-план 01.09.2025ж. №1 протоколунун негизинде макулдашылып, бекитилди. 2025-2026-окуу жылынын биринчи жарымында график боюнча бекитилген ачык сабактар, усулдук семинарлар өтүлүүдө. ОСМКБнын тапшырмасына ылайык, жаңы кабыл алынган, жаш окутуучуларга атайын тажрыйбасы мол окутуучулар бөлүнүп, кеңештерди, методикалык жардамдарды көрсөтүп турушат. Диагностикалоо жүргүзүлүп, физика, математика боюнча студенттерге билимди көтөрүүгө сабак өтүү учурларында кайталоо жана кошумча сабактарды уюштуруп, бул кырдаалдан чыгуунун мүмкүнчүлүгүн тапса боло тургандыгы белгиленди. Сентябрь айынын башынан бери видеокөзөмөлгө катталган окутуучулар боюнча маалымат түшүп, кээ бир окутуучулардын жакшы деңгээлде сабак өткөндүгү тууралуу маалымат келди. Бирок көпчүлүк окутуучулардын сабакка убагында кирбей, сабак учурунда студенттерге кофе алдырган учурлар, ОМКларына жумшаган учурлар, сабакты эрте бүтүргөндөрү, сабак учурунда өз кызыкчылыгы үчүн телефон колдонуулары боюнча маалыматтар келди. Азырынча ар бир окутуучу менен жекече сүйлөшүүлөр болду. Жаңы кабыл алынган окутуучулар БЭжС бөлүмүнүн окутуучусу Абдираимова Бахиана ийгиликтүү сабак өттү, калган окутуучулар кадрлар резервинин тестинен кийин сабак өтүшөт. Ноябрь айынын аягында, НББПнын толук даярдалышы боюнча ар бир бөлүм, ПЦКлардын тиешелүү жооптуулары менен иш алынып барылды.

**Мамазаиров М.Л.** - Кафедраларда 2025-2026-окуу жылына карата иш пландары, өз ара сабакка катышуунун графиктери бекитилген. Ал эми силабусстар, ОМКнын структурасы жетекчилик тарабынан көрсөтүлгөн жобонун негизинде талаптарга ылайык түзүлүп жана бекитилди. Иш план боюнча 1-курстардын билим деңгээлин аныктоо боюнча мониторинг жыйынталды. Кафедраларда ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу боюнча жобого ылайык иш алып баруу, сабактарга катышууну жөнгө салуу, көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү боюнча иштер жолго коюлууда. Сүрөт, чийүү жана эмгек кафедрасынын жаш окутуучулары ассистент стажер Тайирбек уулу Равшан, Адилов Элчибек, дизайн кафедрасынан Мусаева Мээрим Талантовна, Жапаралиев Шералы ачык сабактарын өттү. ПО курамдын ОМК сапаты андан сырткары кафедранын номенклатурасынын бүгүнкү талаптарга ылайык түзүлгөндүгү жана тиешелүү иш кагаздарынын абалдары жана кемчиликтерди жоюу жактары көрсөтүлдү. ОшМУнун талаптарына жана жоболорго ылайык түзүү жактарын жолго коюу тапшырмалары кафедра башчыларына жана ПО курамдын ар бирине түшүндүрүү иштери алып барылды. Искусстводо окуу процесси эки сменада эртең менен жалпы тайпалык сабактар өтүлсө, музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө кафедрасы, элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасынын жеке сабактары 13:15 баштап өтүлө баштайт. Ал эми ПО курамдын ОСӨАИ графиги жана иш пландары бекитилген жана график боюнча алынып жана MyEDUга толтурулду. Сырттан окуу бөлүмүнүн да MOOC, testарркa тиешелүү талаптар боюнча тесттик суроолор жана тапшырмалардын негизинде модуль жана экзамендер коюлду. Айрым маселелерге кафедранын усулдук кеңеши кафедра башчысы тарабынан көзөмөлгө алынып, кошумча консультациялар берилүүдө.

**Абдирайимова Н.А.** - 2025-2026-окуу жылынын жарым жылдыгы боюнча МФТИТ институтун 11 кафедрасы жыл башында институттун окуу-методикалык иш планы боюнча иш алып барышты. Кафедраларга бекитилген бардык дисциплиналар боюнча ар бир окутуучунун атайын окуу-методикалык папкалары жаңылынып даярдалды жана ар бир кафедранын отурумунда талкууланып, институттун окуу-методикалык кенеши тарабынан макулдашылып (прот. №1 27.08.2025-ж.), кафедра башчы тарабынан бекитилген жана электрондук варианты ар бир кафедранын сайтына жайгаштырылган. 1-курстун студенттеринин базалык билим деңгээлин диагностикалоо жүргүзүлдү жана жыйынтыгы чыгарылды. Ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуунун графиги түзүлгөн жана

бекитилген. Бул окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында кафедра башчылары тарабынан ар бир окутуучу үчтөн кем эмес өз ара сабактарга катышууну жана бирден ачык сабактарды пландаштыруу каралган. Ар бир окутуучу бекитилген график боюнча өз ара сабактарга катышып, өтүлгөн сабактар анализденип, анын жыйынтыгы тиешелүү бланкага түшүрүлүп, электрондук папкаларга жайгаштырылган. Ар бир кафедранын окуу-методикалык семинары, квалификациясын жогорулатуу боюнча алган сертификаттары, конок лекцияларды окуган маалыматтары, өткөн ачык сабактары ж.б. окуу методикалык иштери тиешелүү электрондук папкаларында жана соц. тармактарга жайгаштырылган. Кафедраларда окутуунун технологияларын колдонуу боюнча жана жанычыл процесстерди уюштурууга карата алгылыктуу иш-аракеттер жүргүзүлүүдө. Силлабус, ОМК, БКФ, сабактардын иштелмелерин түзүү боюнча институттун төрайымы тарабынан бир нече семинарлар жана мастер класстар өткөрүлдү. Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу максатында ОСМЖК бөлүмү тарабынан уюштурулган семинарларга да окутуучулар катышып жатышты. Устан-шакирт ар бир кафедраларда жакшы жолго коюлуп, бир топ жакшы натыйжаларын берүүдө. Жумушка кабыл алынган 11 жаш окутуучулардын сабактарына катышуу боюнча сапат бөлүмүнө график берилип, ачык сабактар өтүлгөн. Негизинен, жарым жылдыкта аткарылган окуу-методикалык иштер канааттандырарлык деп эсепте болот.

(Ушул таризде бардык ОМК төрага/төрайымдары оозеки отчет беришти жана электрондук вариантын жөнөтүштү. Тиркелет)

**М.М. Былыкова** – Баарыңыздарга рахмат. Кыскача комментарий берип кетейин. Айрым отчеттордо биз аткарган иштерди да кошуп алыпсыздар. Аны алып салуу керек. Мисалы, мониторинг учурунда жүргүзүлгөн иштер, алардын натыйжасы тууралуу биз отчет беребиз. Өзүңүздөрдүн гана аткарган иштерди жазышыңыздар керек. Отчетуңуздарды негизинен канааттандырарлык десек болот. Ал эми отчет бербеген жана өз убагында ишин жолго койбогон төрага/төрайымдарга чара көрүлсүн деп чечим чыгарсак болот. Макулсуздарбы? Анда колго салалы. Баары - макул. Каршы, калыс - жок.

**2. Угулду: Камалова А.Р.** - ОшМУда эмгектенген окутуучулардын өз ишине канааттануусу боюнча сурамжылоого катышуу боюнча маалымат берсек. Сурамжылоого ФМАКИнин орус филология бөлүмүнүн жана курулуш колледжинин окутуучулары 100% катышкан. Көпчүлүк структуралар 50%дан 93% га чейин жана кээ бирлери 50%га жеткен эмес.

| № | Түзүмдөр | Түзүмдөрдүн ичиндеги бөлүмдөр | Жалпы ППСтин саны | Сурамжылоого катышканы | Сурамжылоого катышпаганы | Катышкан % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар | Кыргыз филология | 45 | 35 | 10 | 77,7 % |
| | | Орус филология | 49 | 52 | - | 100 % |
| | | Чет тилдер бөлүмү | 154 | 82 | 72 | 53,2 % |
| 2. | ТТДТТАТ институту | Табият таануу | 88 | 58 | 30 | 65,9 % |
| | | Дене тарбия | 74 | 51 | 23 | 68,9 % |
| 3. | Медицина факультети | | 308 | 239 | 69 | 77,5 % |
| 4. | Педагогика, искусство жана журналистика институту | Педагогика + Журналистика | 93 | 64 | 29 | 68,8 % |
| | | Искусство | 86 | 41 | 45 | 47,6 % |
| 5. | Тарых жана юридика | | 153 | 117 | 36 | 76,4 % |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6. | Эл аралык медицина | | 225 | 197 | 28 | 87,5 % |
| 7. | **МФТИТ институту** | | **169** | **82** | **87** | **48,5 %** |
| 8. | Экономика, бизнес жана менеджмент | | 115 | 77 | 38 | 66,9 % |
| 9. | Теология факультети | | 11 | 9 | 2 | 81,8 % |
| 10. | Кыргыз-кытай факультети | | 22 | 16 | 6 | 72,7 % |
| **11.** | **ЭАББПЖМ** | | **79** | **34** | **45** | **43 %** |
| 12. | Чыгыш таануу институту | | 19 | 17 | 2 | 89,4 % |
| 13. | Ош медициналык колледжи | | 168 | 157 | 11 | 93,4 % |
| 14. | Өзгөн медициналык колледжи | | 27 | 24 | 3 | 88,8 % |
| 15. | ФЮК | | 120 | 104 | 16 | 86,6 % |
| 16. | ИПК | | 184 | 128 | 56 | 69,5 % |
| 17. | ЭАББП колледжи | | 184 | 160 | 24 | 86,9 % |
| 18. | STEM колледжи | | 82 | 74 | 8 | 90,2 % |
| 19. | Айыл чарба колледжи | | 14 | - | 14 | 0 % |
| 20. | Курулуш колледжи | | 22 | 25 | - | 100% |

**3. Угулду: Нурмаматова М.Т.** - Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча семинарлардын жыйынтыгы тууралуу төмөнкүдөй иштер аткарылды. 15 жолу конкурстун жеңүүчүлөрүнөн турган 4 топ тарабынан семинар өткөрүлдү. Бир апта мурда лекторлордун тобун жетектеп, чакыруу таратып, аптасына 2 жолудан ар кайсы факультетте өткөрүлүп атты. 2024-2025-окуу жылында өткөрүлгөн ОшМУнун "Заманбап лектор – 2025" жеңүүчүлөрү Б.К. Койлубаева, Саид Али Аббас Рахат жана "Заманбап окутуучу - 2025" жеңүүчүсү А.К. Айтиевалар 1-топ, "Заманбап окутуучу - 2025" жеңүүчүсү Таалайбек кызы Мээрим, "СӨАИ чебери - 2025" А.И. Абдиева жана "Педагогикалык дебют -2025" жеңүүчү С.Н. Данияровалар 2-топту түзүп жана "Педагогикалык дебют - 2025" жеңүүчүсү Ж.И. Калбаев жана "СӨАИ чебери - 2025" жеңүүчү Мамай уулу Жеңишбектер 3-топ болуп, ал эми "Заманбап окуу басылмасы - 2025" конкурсунун жеңүүчүлөрү – Б.М.Примкулова, Г.Ж.Болотахунова 4-топ болуп университеттин төрт тарабы түрө кыдырып семинар өтүшүп, өз тажрыйбалары менен бөлүшүштү. Конкурстун жеңүүчүлөрүн жамаатка тааныштырып, алардын жетишкендиктерин айтып, семинардын катышуучуларына мотивациялар берилди. Ар бир мастер-класс, тренингден кийин кайтарым байланыш алынып, жетишкен жактарды белгилеген жана ушундай семинарлар көп болуп турушун суранган ойлор айтылып жатты. Ар бир семинардан кийин фото, видеоотчеттор тартылып, ОшМУнун, бөлүмдүн жана түзүмдүн сайттарына, соцтармактарга жарыяланып турду. Өткөрүлгөн семинарга окуу жайдын бардык түзүмдөрүнөн (институттар, факультеттер, колледждер) жалпы 2618 окутуучу-профессордук курамдын ичинен 775 окутуучу катышты. Жалпы катышуу көрсөткүчү 29%ды түздү.

***Жигердүү катышкандар*** болуп төмөнкүлөрдү атаса болот:

- Курулуш колледжи: 176% (бардык семинарларга активдүү катышкан);
- Кыргыз-Кытай факультети: 128%;

- Айыл чарба колледжи: 100%;
- Теология факультети: 81%.

Бул түзүмдөрдө окутуучунун саны аз,  ошентсе да алдыңкы тажрыйбаны өздөштүрүүгө өзгөчө кызыкдар окутуучулар бар экендигин көрсөттү.

**Орточо көрсөткүчтөр** 40%дан 50%га чейинки аралыкты түздү:

- Эл аралык билим берүү программалары ЖМ: 51%;
- Орус филологиясы: 47%;
- МФТИТ институту жана чет тилдер бөлүмү: 44%.

**Төмөнкү көрсөткүчтөр**:

- Медицина факультети: 5% (350 кишиден 18и гана катышкан);
- Чыгыш таануу институту: 5%;
- Экономика, бизнес жана менеджмент институту: 8%.

Жыйынтыктап айтсак, катышуу көрсөткүчү 80%дан жогору болгон айыл чарба жана курулуш колледжинин жамаатына ыраазычылык билдиребиз. Анткени университетке жаңы кошулган түзүм катары, окутуунун сапатына жана жаңы технологияларга кызыгуусу артып, үйрөнүүгө далалат жасалгандыгы байкалып турду. Ушул 2 колледждин окутуучулары семинар кайсы жерде болсо, ошол жерге барып катышып жаткандыгын өз убагында да белгиледик. Ал эми көрсөткүчү 10%дан төмөн болгон бөлүмдөрдө семинарга катышпоонун себептерин талдоо керек деген ойдо калдык. Сабактардын жадыбалы, маалыматтын жетишсиздиги ж.б. менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ошентсе да, ЭБжМ институтунун жамааты, медицина факультетинин ПО курамы педагогикалык чеберчиликтерин жана жаңы технологияларды өздөштүрүүгө аракет кылып катышса жакшы болмок. Ошентип кийинки семинарларды уюштурууда түзүмдөрдүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ийкемдүү график түзүүнү сунуштамакпыз. Негизинен, семинар абдан кызыктуу болуп, катышкан окутуучуларга жакшы таасир калтырып, мотивация берилип каткандыгын көпчүлүк баса белгилешти. Соцтармактарда да жылуу кабыл алынды. Ал эми Жанболот Калбаевдин семинарынан кийин атайын телеграмм канал ачылып, окутуунун жаңы технологиялары тууралуу суроо-жооптор байма-бай жүргүзүлүп тургандыгы да, алдыңкы тажрыйбалдарды жайылтуу семинарларынын жогорку деңгээлде аткарылгандыгынан кабар берип турат деп сөзүмдү жыйынтыктайын.

**4.Угулду**: **Розыкова М.М.** – Декабрь айында ОшМУнун ПО курамы тарабынан жазылган окуу жана окуу-усулдук колдонмолорун экспертизалоо комиссиясынын кароосуна 12 кол жазма берилген. 6 эмгек октябрь айындагы редколлегиянын отурумунда  артка кайтарылган. Редколлегиянын эксперттик комиссясынын курамы бул жолу 10 ишти Окумуштуулар кеңешине сунуштап, 2 эмгекти кайра кароого кайтарды. Бул боюнча маалымат төмөнкү таблицада кеңири берилет:

| № | Басылмалардын аталышы жана түрү. | Автор/авторлор |
|---|---|---|
| 1. | Дары кукумдөрү. Усулдук көрсөтмө. | Рысбеков Н. Р. |
| 2 | Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин негиздери. Окуу колдонмо. | А. Ш. Таирова<br>М. Дж. Султанбаева |
| 3. | Бейтапка кам көрүүдөгү медайымдык процесс. Аталышын кароо | А. К. Назарбекова<br>Д. К. Төрөбаева<br>Г. Б. Жээнбекова<br>Б. Х. Кыргызбаева |
| 4. | Habilitation of Preterm Infants with a History of Perinatal Encerhalopathy (Абилитация недоношенных детей с перинатальной энцефалопатией в анамнезе) . Окуу-методикалык колдонмо. | Омурзакова А. Е.<br>Абдурахманов Б. О.<br>Абдыкайымова Г. К.<br>Кенжебаева Г. К.<br>Мамарасул к. М. |

| | | |
|---|---|---|
| 5. | Topikal Diagnosis in Neurology (Топическая диагностика в неврологии). Окуу-методикалык колдонмо. | Абдыкайымова Г. К.<br>Абдурахманов Б. О.<br>Омурзакова А. Е.<br>Барбышов И. Ж.<br>Жусупова А. Б. |
| 6. | Профессиональная этика в менеджменте. Учебно-методические указания. | У. Б. Исламова |
| 7. | Конспект лекций по дисциплине “Управление человеческими ресурсами”. | У. Б. Исламова |
| 8. | Yes-No. Окуу-усулдук колдонмо | Ысмайылов К. З. |
| 9 | Анализ банковской деятельности для студентов и преподавателей по профилю “Финансы и кредит” очной и дистанционной формы обучения. Учебно-методическое пособие | Абдрасулова Ж. Ж. |
| 10 | Мамлекеттик каржы. Лекциялар жыйнагы. | Ващенко И. А.<br>Букенова А. З. |
| 11 | Teaching and methodological guide for intestinal infections. Окуу методикалык колдонмосу. Workbook for practical classes on the discipline: infections diseases. Жумушчу дептер. | Абдимомунова Б. Т.<br>Абжапарова А. З.<br>Маматкулова Н. М.<br>Даутов Т. Т. |
| 12 | English for dentistry students: from classroom to clinic. Английский для студентов стоматологов: от учебной аудитории к клинике. | Карабаева Э.<br>Тыныбекова Ч.<br>Турдубаева А. |

Жогорудагы талкуулардан кийин төмөндөгүдөй

**Токтом кылынды:**

1. ОМК төрага/төрайымдардын ишмердүүлүктөрү боюнча жарым жылдык отчеттору айрым эскертүүлөр менен канааттандырарлык деп белгиленсин.
2. ПО курамдын окуу жай тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга канааттануусу боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары тууралуу А.Р.Камалованын маалыматы эске алынсын.
3. Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча семинарлардын жыйынтыгы тууралуу М.Т. Нурмаматованын маалыматы эске алынсын жана бөлүм тарабынан өткрүлгөн семинарларга катышуу жандандыруу ОМК төрага/төрайымдарга жүктөлсүн.
4. Окуу жана окуу-усулдук басылмалар тууралуу М.Б. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын жана жогорудагы авторлордун эмгектерин басмага сунуштоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Төрайым М.М. Былыкова

Катчы М.Т. Нурмаматова

**№3 отурум** **Катышуу барагы** **29.12.2025**

| № | Аты-жөнү | Түзүмдөр | Телефон № | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Арапбаев Руслан Нурмаматович | Окуу иштер боюнча проректор | 0777184347 | |
| 2. | Былыкова Махабат Максатовна | ОСМКБнын башчысы | 0558242322 | |
| 3. | Розыкова Мавлюда Баратовна | Башкы адис | 0550772563 | |
| 4. | Эгембердиева Нуржамал Аманбековна | Башкы адис | 0551423631 | |
| 5. | Нурмаматова Мейликан Тагайбековна | Методист-координатор | 0772077000 | |
| 6. | Шаимкулова Өмүркан Раимбердиевна | Методист-координатор | 0755554256 | |
| 7. | Сайпидинова Бүсанам Абдикайымовна | Методист-координатор | 0772824113 | |
| 8. | Камалова Айнура Рыспаевна | Инспектор | 0550435735 | |
| 9. | Жаңыбай кызы Сүйдүмкан | Инспектор | 0773179862 | |
| 10. | Жумаев Нурбек Жапаралиевич | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар | 0773105556 | |
| 11. | Эрмекбаева Нуржамал Жалиловна | | 0778112764 | |
| 12. | Райымова Гульзада Суйуновна | | 0773500076 | |
| 13. | Ярматов Маматкадыр Осмонович | Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту | 0774717562 | |
| 14. | Турдуматова Гулбара Кутпидиновна | | 0772730311 | |
| 15. | Турсунбаева Айнура Турдубековна | Медицина факультети | 0777562368 | |
| 16. | Таабалдиева Атыргүл Кичиковна | Педагогика, искусство жана журналистика институту | 0773162474 | |
| 17. | Мамазаиров Мирлан Латипович | | 0990280016 | |
| 18. | Орозбаева Бактыкан Атантаевна | Тарых жана юридика институту | 0770357446 | |
| 19. | Базиева Алия Мансуровна | Эл аралык медицина факультети | 0550400604 | [illegible] |
| 20. | Абдирайимова Назигай Абдинабиевна | Математика, физика жана информациялык технологиялар институту | 0559039753 | |
| 21. | Узакбаева Айнура Садыковна | Экономика, бизнес жана менеджмент институту | 0773604433 | |
| 22. | Адылбек кызы Айсулуу | Теология факультети | 055278968 | |
| 23. | Абдыкаарова Турдукан Момуновна | Кыргыз-кытай факультети | 0773782488 | себептүү |
| 24. | Парпиева Айсулуу Абдижалаловна | Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби | 0773064602 | |
| 25. | Абылкасым уулу Канат | Чыгыш таануу институту | 0777358527 | |
| 26. | Арзиева Азиза Бакытовна | Ош медициналык колледжи | 0770179918 | |
| 27. | Жаанбаева Зулайка Нажимовна | Өзгөн медициналык колледжи | 0700864190 | |
| 28. | Раимбердиева Жаннат Курманбековна | Финансы-юридикалык колледж | 0771030878 | |
| 29. | Жумабаева Алтын Таштановна | Эл аралык билим берүү колледжи | 0772646979 | |
| 30. | Маликова Наргиза Пайзилдаевна | STEM инновациялык колледжи | 0779252085 | |
| 31. | Кушбакова Динара Тойчубаевна | Айыл чарба колледжи | 0505285528 | |
| 32. | Орозбаева Нурзада Абдиманаповна | Курулуш колледжи | 0558070982 | |